**УДК: 894.341-09 (043.3)**

***Садипова Ш., Жантаев А.***

*Садипова Шурукан – аспирант, С. Нааматов атындагы НМУ*

*Жантаев Адилбек – ф.и.д, профессор, С. Нааматов атындагы НМУ*

# Ч. АЙТМАТОВДУН ПОВЕСТТЕРИНИН БААЛУУЛУКТУК ТАБИЯТЫН ИЗИЛДӨӨ МАСЕЛЕЛЕРИ

# ВОПРОСЫ ИЗУЧЕНИЯ ЦЕННОСТНОЙ ПРИРОДЫ ПОВЕСТЕЙ Ч. АЙТМАТОВА

# QUESTIONS OF STUDYING THE VALUE NATURE OF CH. AITMATOV'S STORIES

***Аннотация.*** *Бул макалада атактуу кыргыз калемгери Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин баалуулуктук табиятын изилдөөнүн актуалдуу маселелери козголот. Авторлор залкар жазуучунун дээрлик бардык повесттери ички баалуулуктук мазмунга ээлигине, аларда калемгер өзү карманган баалуулуктук багыт алуусун чагылдырганына негизги көңүлдү бурушат.*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматриваются актуальные вопросы изучения ценностной природы повестей известного кыргызского писателя Чингиза Айтматова. Авторы обращают внимание на то, что практически все повести великого писателя имеют внутреннее ценностное содержание и отражают ценностную ориентацию, которой придерживался сам писатель.*

***Abstract.*** *This article examines current issues in the study of the value nature of the stories of the famous Kyrgyz writer Chingiz Aitmatov. The authors draw attention to the fact that almost all the stories of the great writer have internal value content and reflect the value orientation that the writer himself adhered to.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *актуалдуулук, Ч. Айтматов, баалуулук, баалуулуктук табият, изилдөө, маселе, повесттер.*

***Ключевые слова:*** *актуальность, Ч. Айтматов, ценность, ценностная природа, изучение, проблема, повести.*

***Key words:*** *relevance, Ch. Aitmatov, value, value nature, study, problem, stories.*

**Киришүү.** Залкар калемгерибиз Чыңгыз Айтматов жараткан көркөм дөөлөттөрдүн чоң бөлүгүн анын терең маани-мазмунга ээ повесттери түзүп турушат. Анын жазуучулук сапардагы ийгилигинин башаты да ушул көркөм прозадагы повесть жанры менен тыгыз байланышкан. Адабиятчылар да, жазуучунун өзү да анын «адабий дебюту», көркөм ишмердүүлүк дүйнөсүндөгү тушоо кесери катары «Бетме-бет» (1957) повестин белгилешет. Аталган чыгарма кыргыз прозасы үчүн күтүүсүз окуя катары кабыл алынган. Анткени, повестте согуштан качкан дезертир башкы персонаж катары астыга чыгарылган. Ушул чыгармага удаа махабат туурасындагы даңазалуу «Жамийла» (1958) повести жарык көргөн. Бул повесть адабиятчылардын кызуу талашын тутандырган. Ошол талаштын аркасында кыргыз калемгери дүйнөлүк масштабда таанылуу алган. Бүгүн бул кыргыз адабиятынын тарыхынын орчундуу барагын түзүп калды. Ч. Айтматов повесть жанрында узануусун андан ары улантып, «Ботогөз булак» (1961), «Биринчи мугалим» (1961), «Делбирим» (1963), «Саманчынын жолу» (1964), «Гүлсарат» (1968), «Ак кеме» (1974), «Эрте келген турналар» (1975), «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» (1977) аттуу мыкты көркөм туундуларын

жаратты. Азыркы учурда улуу жазуучунун повесттерин талдоого алган илимий эмгектер миңдеп саналат. Окумуштуулар Ч. Айтматов XX кылымдын 60-70-жылдарында кыргыз прозасындагы повесть жанрын абдан жогору деңгээлге көтөргөнүн бир оoздон белгилешет. Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин кесипкөй адабиятчылардын талдоосунда жогору баага арзуусу аларда адам коомундагы адеп-ахлактуулук маселеси башкы орунга коюлганы менен түшүндүрүлөт. Бул негизинен туура. Бирок, биздин баамыбызда жазуучунун повесттеринин мазмунуна тиешелүү бир маанилүү маселе көңүлдүн сыртында калып келатат. Ал – Айтматовдун повесттеринин терең баалуулуктук мазмунга, дөөлөттүк табиятка ээлиги. Азыркы тапта залкар сүрөткерибиздин повесттеринин баалуулуктук табиятын изилдөө өзгөчө актуалдуу болуп турат. Бул макалабызда биз Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин баалуулуктук табиятын изилдөөнүн кандай мааниси барлыгын ачууга, түшүндүрүүгө аракет жасайбыз.

**Материалдары жана усулдары.** Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин баалуулуктук табиятын изилдөө маселеси козголот. Демек, макаланын негизги материалдары жазуучу жараткан повесттердин тексттери, ошондой эле ал повесттер тууралуу талдоо жасалган адабиятчылардын илимий эмгектери болуп саналат. Ал эми көркөм туундулардын баалуулуктук табиятын изилдөөдө аксиологиялык талдоо усулу колдонулары шексиз. Андан сырткары, макалада анализ, синтез жана акыл бүтүмү усулдары басымдуу колдонулат. Аталган усулдарды жарыш пайдалануу менен биз залкар сүрөткерибиздин повесттеринин баалуулуктук табиятын изилдөөнүн актуалдуулугун аныктоого аракет жасайбыз.

**Адабияттык сереп.** Биз жогоруда белгилегендей, залкар сүрөткерибиз Чыңгыз Айтматов өзүнүн байсалдуу чыгармачылык сапарында «Бетме-бет» (1957), «Жамийла» (1958), «Ботогөз булак» (1961), «Биринчи мугалим» (1961), «Делбирим» (1963), «Саманчынын жолу» (1964), «Гүлсарат» (1968), «Ак кеме» (1974), «Эрте келген турналар» (1975), «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» (1977) аттуу көркөм дөөлөттүк маани-мазмунга ээ мыкты повесттерин окурмандар журтуна тартуулаган. Бүгүн «Чынгызхандын ак булуту» (1990) да өзүнчө чыгарма, повесть катары кабыл алынып жүрөт. Атактуу жазуучубуздун бул чыгармалары өз убагында эле окумуштуу-адабиятчылардын кызуу талкуусун жараткан. Бул повесттерге карата пикир айтуу иши азыркы тапка чейин токтой элек. Натыйжада, бул чыгармалар жөнүндө илимпоздордун колунан миңдеген диссертациялар, монографиялар, түрдүү жанрдагы макалалар жазылып жарык көрдү. Анткени, чынында эле жазуучунун повесттеринде адам турмушунун оош-кыйыштуу маселелери окурманды ойлонто тургандай деңгээлде ар тараптуу көркөм иштелген. Төмөндө биз жазуучунун повесттерине адабиятчылар тарабынан берилген мүнөздүү бааларга кыскача токтолобуз.

Көрүнүктүү адабиятчыбыз К. Асаналиевдин баамында, «Бетме-бет» повестин жазуу менен «…жазуучу чыгармачылыктын татаал жолуна, адамдын ички турмушун, табийгы алабалын, сезимин, түшүнүгүн реалдуу сүрөттөө жолуна багыт алат» [7, 543-б.]. Ал эми «Жамийла» повести менен «…кыргыз жазуучусу азыркы адамдын, азыркы инсандын ички жан дүйнөсүн ачып көрсөтүүгө жетишти» [7, 555-б.]. «Ботогөз булак» повестинде ушул багыт – адамдын ички жан дүйнөсүн изилдөө андан ары улантылат. Мында сөз «…адамдын ички руханий дүйнөсү жөнүндө баратат» [7, 576-б.]. К. Артыкбаевдин баамында «Биринчи

мугалим» повестинде Ч. Айтматов караңгыдан жарыкка, сабатсыздыктан билимге умтулган кыргыз элинин албан кадамын элестетти» [1, 465-б.]. Академик А. Акматалиевдин ою боюнча «Делбирим» повестиндеги «…Ильястын тагдырынын трагедиясы, Аселдин арзуу сезиминин тазалыгы, Байтемирдин адамгерчилик сапаттары, Саматтын келечеги кимди болсо да тынчсыздандырбай койбойт» [6, 15-б.]. «Саманчынын жолу» повестинде автор «…ЖерЭненин, дыйкан талаанын түбөлүктүүлүк, адам баласынын өлбөстүк философиясын бекемдөө үчүн Жер-Эненин образын биринчи жолу улуттук адабияттын орбитасына алып чыкты» [7, 576-б.]. Ал эми «Гүлсарат» – бул чабандын эмгеги жөнүндө гана чыгарма эмес, адамдын максаттуу жашоого умтулуусу, бийик идеалы жөнүндө ой жүгүртүү», [6, 18-б.] дейт А. Акматалиев. «Ак кеме» повестинде автор «…кыргыз элинин байыркы тарыхына, этнографиясына азыркы күндүн талабы менен көз чаптырып, нечен кылымдар бою муунданмуунга калган рухий маданиятына таянат, аларды каармандардын ой жүгүртүүсүнө, дүйнөнү аңдап билүүсүнө тыгыз байланыштырат» [6, 19-б.]. К. Артыкбаев «Эрте келген турналар» повестин «…согуштун катаал мезгилинде өспүрүмдүн шартка ылайык мөөнөтүнөн мурда чоң турмушка аралашканын баяндаган мыкты реалисттик чыгарма» [1, 465-б.] деп баалайт. К. Асаналиев «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» повести туурасында «…мезгил, мейкиндик, турмуштук кырдаалдар, улуу деңиз, улуу туман повесттин негизине берилген шарттуу өбөлгөлөр экени чыгарманын философиялык жана нравалык уюткусу адамдын тагдырына, адамдын бийик атына байланыштуу экени бул китепти дилгирлик менен окуп чыккандан кийин гана түшүнүктүү болот» [7, 594-б.] деген пикир айтат. Белгилүү адабиятчы, академик О. Ибраимов улуу жазуучунун чыгармачылыгын учурдун көз карашынан талдап чыгып, «Айтматов дагы узакка нукура жарыкчылыктын, тилдерге, жалпы адамзаттык баалуулуктарга берилгендиктин мисалы боло берет» [4, с. 329] деген тыянакка келет.

Арийне, Ч. Айтматовдун повесттерине байланыштуу адабиятчылардын ой-пикирлерин толугу менен талдоо узак убакытты алат жана чоң көлөмдөгү эмгек жаратууну талап кылат. Макаланын алкагында аны толук ишке ашыруу мүмкүн эмес. Ошентсе да, улуу калемгердин повесттериндеги окумуштууларды кызыктырган башкы жагдай – анда адам ариетинин, адепахлагынын ачылышы экени шексиз. Демек, анын повесттери терең баалуулуктук табиятка эгедер. Андыктан, биз анын повесттеринин баалуулуктук табиятын изилдөө азыркы учур үчүн актуалдуу деген ойдобуз.

Бактыбызга жараша, азыр кыргыз адабият таануусунда аксиологиялык аспекттеги изилдөөлөр жүргүзүлө баштады. Бул өңдүү илимий изилдөөчүлүк ишмердүүлүктө жаңы дың бузган эмгектердин катарына адабиятчы А. Жантаевдин докторлук диссертациясын [3], Ж. Токтомаметованын жана З. Ысакбаеванын кандидаттык диссертацияларын [8; 9] киргизүүгө болот. Көрүнүп тургандай, залкар калемгер Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын дагы баалуулуктук аспектте изилдеп, анын повесттеринин аксиологиялык табиятын кенен талдоо милдети жаш изденүүчүлөр үчүн эң сонун илимий изилдөө мүмкүнчүлүктөрүн ачып берет.

**Натыйжалары.** Макалада улуу калемгерибиз Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин баалуулуктук табиятын изилдөөнүн актуалдуулугу аныкталып, аягында мына ушул темада аксиологиялык аспектте изилдөө жүргүзүү боюнча сунуш келтирилди.

**Талкуулоо.** Албетте, азыр маданияттын түзүлүүсүндө жана кызмат өтөөсүндө баалуулуктардын ролу зор экендигин изилдөөчүлөр эч тана алышпайт. Анан калса, социалдык феномен катары маданиятты көбүнчө баалуулуктук багыт алуулар аркылуу аныкташат. Адам эзелтен бери өзүнүн жүрүм-турумун үлгү катары чыгуучу ченем, идеал, максат менен өлчөйт, ченейт. Ага ылайык, жакшылык-жамандык, акыйкаттык-жалгандык, сулуулук-серттик өңдүү түшүнүктөр баалуулуктар катары аныкталышат, ал эми адамдардын жогоркуларга байланышкан көз караштары, ишенимдери, ынанымдары – баалуулуктук идеялар болуп калат да, алар алгылыктуу же алгылыксыз, оптимисттик же пессимисттик катары бааланышы толук мүмкүн. Жогоруда кеп болгон көрүнүштөрдү биз жазуучулардын чыгармачылыктарынан мол учурата алабыз.

Философ П. А. Гуревичтин айтымында, “... баалуулук – бул чынында дүйнөгө карата жекече түскө боёлгон мамиле, ал адамдын билими менен маалыматынын гана эмес, өзүмдүк турмуштук тажрыйбасынын да негизинде пайда болот” [2, с. 168]. Демек, кыргыз жазуучулары, анын ичинде Чыңгыз Айтматов дагы, өзүмдүк турмуштук тажрыйбасынын негизинде дүйнөгө, коомго карата өздүк баалуулуктар тутумун калыптандырышкан дагы, аны өз чыгармалары аркылуу жалпы журтка жарыя кылышкан. Мунун өзү кыргыз прозасында, анын ичинде Айтматовдун повесттеринде маанилүү баалуулуктук башталмалар орун алгандыгынын айныксыз күбөсү, далили болуп эсептелет.

Албетте, биз сөз кылып жаткан залкар калемгер – Чыңгыз Айтматов өз чыгармачылык ишмердүүлүгүндө сөзсүз өзүнүн тутунган баалуулуктарын чагылдырган. Анын повесттериндеги эң маанилүү баалуулук – бул **адам**. Албетте, ойчулдар адамды дүйнөдөгү зор баалуулук катары таанышат. Бул туурасында кыргыз ойчулу Сабыр Иптаров мындай дейт: “Дүйнө тааным окууларында адегенде (“А” дегенде) жаратылыш жаралган, андан адам төрөлгөн, анан коом курулган. Адам – бул экөөнүн данакери. Демек, табият менен коомду таанып-билүү адамдан башталып, адамдан бүтүш керек” [5, 14-б.].

Ч. Айтматовдун повесттерине кайтып келсек, “Бетме-беттеги” Сейде, “Жамийладагы” Данияр менен Жамийла, «Ботогөз булактагы» Кемел, «Биринчи мугалимдеги» Дүйшөн менен Алтынай, «Делбиримдеги» Илияс менен Асел, «Саманчынын жолундагы» Толгонай,
«Гүлсараттагы» Танабай, «Ак кемедеги» бала, «Эрте келген турналардагы» Султанмурат, «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөттөгү» Кириск ж.б.у.с. көптөгөн кейипкерлер өздөрүнүн ишаракеттери, жорук-жосундары аркылуу кадимки адамдын – түйшүгү мол, карамакаршылыктуу мүнөзгө ээ адамдын элесин ачык, даана тартып беришкени менен айырмаланышат. Повесттерде булардан башка дагы толгон кейипкерлер бар. Алардын башкы каармандар менен алакасы адам турмушунун чиеленишкен татаал жагдайларын көрсөтмөлүү сыпаттайт. Повесттердин кейипкерлеринин өз ара аракеттешүүлөрү адамзат коомунда маанилүү роль ойногон жалпы адамзаттык баалуулуктарды кашкайта көрсөтөт.

Жогоруда аталган **адам** баалуулугунан тышкары, Чыңгыз Айтматов өзүнүн повесттеринде **мекен, эмгек, сүйүү, үй-бүлө** ж.б. өңдүү жалпы адамзаттык баалуулуктарга өзгөчө маани берип, аларды өз кейипкерлеринин жашоосу менен тыгыз байланыштырат. Демек, анын повесттеринин терең баалуулуктук табиятка эгедерлиги эч күмөн жаратпайт.

Анын үстүнө, жаш изилдөөчү З. Ысакбаева өзүнүн диссертациялык эмгегинин аягында "...келечекте улуу сүрөткерибиз Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча көптөгөн маанилүү жана кызыктуу темаларда аксиологиялык аспекттеги адабият таануучулук изилдөөлөрдү жүргүзүүгө болот. Бул болсо Айтматов таануу тармагынын азыркыдан да кеңири алкакта, масштабда өнүгүүсүнө кенен жол ачат" [9, 25-б.] деп белгилептир. Анан ушул багыттагы изилдөөлөрдүн темаларын аныктап, бардыгы жети теманы жаш изденүүчүлөрдүн назарына сунуштаптыр. Биз ошолордун ичинен төртүнчү теманы – "Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин дөөлөттүк табиятын" тандап алдык да, теманын аныктамасына кичинекей өзгөртүү киргизип, дөөлөттүк деген сөздү баалуулуктук деген сөз менен алмаштырдык.

Биз өйдөдө келтирилген жүйөөлөргө таянуу менен улуу калемгерибиз Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин баалуулуктук табиятын изилдөөнү жүзөгө ашыруу азыркы кыргыз адабият таануусу үчүн кызыктуу жана актуалдуу болот деп эсептейбиз. Мындай олуттуу изилдөөнү ишке ашыруу үчүн анын максатын, милдеттерин, объектисин, предметин, илимий проблемасын, методологиясын жана усулдарын аныктап алуу зарыл. Төмөндө мына ушулар туурасында өз көз караштарыбызды ортого салабыз.

Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин баалуулуктук табиятын изилдөөнүн **негизги максаты** – улуу сүрөткердин повесттеринин аксиологиялык табиятын ачуу болуп саналат. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкү **милдеттерди** комплекстүү чечүү зарыл: а) жазуучунун повесттериндеги эмгек, сүйүү, мекен баалуулуктарынын ээлеген ордун аныктоо; б) жазуучу өз повесттеринин кейипкерлерине өзү карманган баалуулуктарды кантип камтыганын далилдөө. Балким, изилдөөнүн жүрүшүндө дагы бир катар жолу улаш милдеттер чечилет.

Ал эми мындай изилдөөнүн **негизги объектисин** Чыңгыз Айтматовдун калеминен жаралган повесттердин тексттери, ошондой эле калемгердин адабий-теориялык мүнөздөгү макалаларынын, интервьюларынын тексттери, мындан тышкары адабиятчылардын залкар жазуучунун повесттери жөнүндөгү эмгектеринин тексттери түзүшөт. Изилдөөнүн **предметин** болсо Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин баалуулуктук табияты, ал повесттерде камтылган жалпы адамзаттык баалуулуктар, автордун тутунган баалуулуктары түзүп турат. Изилдөөнүн методологиясы болсо аксиологиялык мамилеге таянган адабият таануучулук эмгектерге негизделет. Негизги илимий **изилдөө усулу** катары салыштырма-тарыхый усулду колдонуу жакшы натыйжаларга жеткирет деген ойдобуз.

Ошентип, кыскача жыйынтыктасак, биздин пикирибизде Чыңгыз Айтматов өзүнүн дээрлик бардык повесттеринде жалпы адамзаттык маанилүү баалуулуктарга орун берген, алардын катарында эмгек, сүйүү, мекен баалуулуктары дагы бар. Булар адам коомунда, адам баласынын жашо-турмушунда чоң мааниге ээ. Демек, улуу жазуучунун повесттеринин баалуулуктук табиятын ачуу күн тартибинде турган, жаш изилдөөчүлөргө жакшы мүмкүнчүлүк берген **илимий проблема**.

**Корутунду.** Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин баалуулуктук табиятын изилдөө маселелерин талдоонун аягында төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

1. Залкар калемгер Чыңгыз Айтматовдун калеминен жаралган дээрлик бардык повесттери терең баалуулуктук табиятка ээ.

2. Ч. Айтматовдун повесттери буга чейин адабиятчылар тарабынан кеңири изилденген, бирок азырынча анын повесттеринин баалуулуктук табияты иликтенбей турат.

3. Улуу сүрөткерибиз өзүнүн повесттеринин кейипкерлерине өзү карманган баалуулуктарды сиңирген, бул жагдай изилдөө аркылуу ачып көрсөтүүнү талап кылат.

4. Биз улуу жазуучунун повесттериндеги эмгек, сүйүү, мекен баалуулуктарынын аткарган көркөм кызматын, ээлеген ордун изилдөө жакшы натыйжаларды берет деп ойлойбуз.

**Алкыштар.** Биз өз эмгектеринде маанилүү көз караштарын ортого салышканы, жаш изилдөөчүлөргө багыт көрсөтүшкөнү үчүн академиктер А. Акматалиевге жана О. Ибраимовго, жаш окумуштуулар Ж. Токтомаметовага жана З. Ысакбаевага терең ыраазычылык менен алкышыбызды билдиребиз.

**Адабияттар:**

1. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Б.: «ТАС» ЖЧК, 2004. -–656 б.
2. Гуревич П. С. Философия культуры: Пособие для студентов гуманитарных вузов. – 2-е изд. – М.: Аспект Пресс, 1995. – 288 с.
3. Жантаев А. С. XX кылымдагы кыргыз адабиятындагы көркөм дөөлөттөр: тарыхыйадабий, көркөм-эстетикалык мааниси (прозанын жана поэзиянын материалдарында): Фил.ил.док. ...дисс. автореф.: 10.01.01 – кыргыз адабияты. – Б.: Мега Формат ЖЧК, 2019. – 46 б.
4. Ибраимов О. Айтматов. Последний писатель империи (жизнь и творчество). – Астана: «Гылым» баспасы, 2018. – 336 с.
5. Иптаруулу С. Кыргыз жан дүйнөсү (этнолингвистикалык илик). – Бишкек, 2017. –
240 б.
6. Кыргыз адабиятынын тарыхы. XX кылымдын адабияты (60-жылдардан кийин). 7-т.
– Б.: Кыргызполиграфкомбинат, 2002. – 720 б.
7. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 2-том. – Ф.: Илим, 1990. – 695 б.
8. Токтомаметова Ж. А. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну: Фил.ил.канд. ...дисс. автореф.: 10.01.01 – кыргыз адабияты. – Б.,: Мега Формат ЖЧК, 2021. – 26 б.
9. Ысакбаева З. Ч. Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология: Фил.ил.канд. ...дисс. автореф.: 10.01.01 – кыргыз адабияты. – Б.,: Мега Формат ЖЧК, 2021. – 27 б.